**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**
**АТАЙ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**АТАЙСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын кезектеги II сессиясынын

№ 4 ТОКТОМУ

05. 04. 2024-жыл Арал айылы

**“Атай” муниципалдык ишканасынын Уставын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана өз алдынча башкаруу органдары” жөнүндөгү мыйзамына ылайык, жарандарга муниципалдык кызматтарды көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу максатында **“Атай” муниципалдык ишканасынын Уставынын** долбоорун талкуло боюнча Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн орун басары-жооптуу катчысы Байгулова Наргиза Талайбековнанын маалыматын угуп жана талкуулап, Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги чакырылган II сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. “Атай” муниципалдык ишканасынын уставы алымча-кошумчасы менен бекитилсин.
2. Кабыл алынган токтом тиркемеси менен жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын. Аталган токтом, тиркемеси менен расмий жарыялангандан кийин, Жалал-Абад областтык юстиция башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн көчүрмөсү жиберилсин.
3. Жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоо жана ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н. Нарматовага милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Жаңыбаев Аскербек Карыпбековичке жана Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун, кызыкчылыгын коргоо, муниципалдык менчик, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Эшеев Акылбек Молдожумаевичке жүктөлсүн.

Атай айыл аймагынын
айылдык кеңешинин төрагасы: Н. Т. Жээнбаев